**УДК 371**

**АЙТЫМБЕТОВА Д.А**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*

# БИЛИМ БЕРҮҮ ФИЛОСОФИЯСЫ КЕЧЭЭ, БҮГҮН ЖАНА ЭРТЕҢ

## Философия образования вчера, сегодня и завтра

## Philosophy of Education yesterday, today and tomorrow

***Аннотация:*** *макалада билим берүүнүн философиясынын тарыхы, учурдагы абалы, аны жакшыртуунун жолдору көрсөтүлөт.*

***Аннотация:*** *в статье рассматривается история философии образования, состояния в настоящее времени и пути его улучшения.*

***Annotation:*** *the article deals with the history of philosophy of education in the state of present time and ways to improve it.*

***Негизги сөздөр:*** *аалам; адам; мугалим; окутуучу; билим берүү; адеп-ахлак тарбиясы; жаштар; келечек.*

***Ключевые слова:*** *вселенная;человек; учитель; преподаватель; образование; нравственное воспитание; молодежь, будущее.*

***Keywords:*** *the universe; man; teacher; teacher; education; moral education; youth; the future.*

Ар бир адамда дил болот
Ошол дилдин тили болот

Тил азыгы- акыл болот
Акыл - айткан кеп болот
Ал кеп - келечек болот…

Улуу ойчул Жусуп Баласагындын «Кут билим» чыгармасында адам баласынын эң жакшы сапаттары-билими менен акылында экендиги «Адамзатты жаратты жандан артык, Акыл, билим, өнөрдү берди калпып»[1,58] деген саптары тастыктайт. Ооба, адам баласы ааламда жашаган бардык жандыктардан акыл-эси менен айырмаланып, бул ааламды ар бир улут өз өнөр-билими, баалуулуктары менен боёп келет…

Аны менен бирге 21-кылымда илим-билим техника өсүүдө деп сыймыктанып келебиз, бирок аалам сырлары, адам сырлары дагы да толук ачылбай табышмак болуп келет.

Ар бир улуттун эне тилинин дилинен чыгышы өзү философия. Ошол улуттук тилди, анын өзөгү менен тамырлаш улуттук баалуулуктарды билбей, көпчүлүк адам баласы макулуктан төмөн деңгээлге түшө, адам кейпинде турганы менен жан дүйнөсүндө ыйман кулпунун ачкычы 3 тамгадан турган «уяты» жок, зээнди кейиткен абалда (аракеч-селсаяк, уурулук, зордук-зомбулук, сойкулук, ата-энеге кайрымсыз, наркоман ж.б.) Чыңгыз атабыз айткандай, коомубузда «маңкурт» болуп жашап, күн сайын адам болуп жашоо кыйынга туруп жатканы өтө өкүнүчтүү.

«Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы» деген менен тарыхта байыркы Греция мамлекеттери болгон Спарта менен Афинадагы таалим-тарбия системасынын өзгөчөлүгүнөн Афинадан гректин күчтүү философтору чыкса, ал эми Спартадан күчтүү жоокерлер чыккандыгы маалым[2,103-106].

Ал эми Кыргызстандын аймагында педагогикалык ойлордун өнүгүшүнө чыгыш элдеринин даанышмандары Ж.Баласагын жана М.Кашгаринин тийгизген таасири зор. 11-12 кылымдын маданиятынын бийик деңгээлинин күбөсү болуп, бүткүл дүйнөгө белгилүү чыгармалар – Ж.Баласагындын «Кут билими», М.Кашкаринин «Диван лугат ат-түркү» келген.

Ж.Баласагындын «Кут билими» терең мазмундуу дидактикалык поэма. Бул баалуу эмгекте кыргыз элинин жашоо-турмушу, чарбалык уклады, билими, көз карашы, үрп-адат, каада-салты, материалдык жана рухий маданияты көрсөтүлгөн.

«Кут билим» дастаны Ислам идеологиясынын негизинде жазылганын белгилүү окумуштуу, түркологи, академик А.Н.Кононов:

«Благодатное знание» Юсуфа Баласагунского является первым, старейшим и пока единственным сочинением мусульманской идеологии и пропагандирующим эту идеологию» [5,506] –деп, таамай белгилеп, эң туура жыйынтык чыгарат. Ал эми акыркы жылдары Ж.Баласагындын «Куттуу билим» дастанындагы Ислам дининин таасири жөнүндө кыргыз окумуштуулары Ж.Шериев, З.Эралиев, А.Акматалиев, А.Абдразаковдор [6, 114-115, 44,75-76,17] өз эмгектеринде далилдүү пикирлерин жазышты.

Чындыгында эле Жусуп Баласагын араб, фарсы, кытай тилин жана адабиятын жакшы билип, астраномия, математика, логика, философия илимдери боюнча да түшүнүгү терең болгон.

Ж. Баласагын акыл-эсти, билимди жогору баалаган, ар бир кесип ээсин, адамды барктоого, анын коомдогу ордун, ролун аныктоого аракеттенип, бул жарык дүйнөгө келген адам өзүн коомго, үй-бүлөгө, балдарына керектүү болгон адам катары сезиши керектигин айткан. Чыгарманын өзөгүн билим, акыл эс аркылуу бакытка жетүү концепциясы түзөт. Өз мезгилинин педагогикалык энциклопедиясы болгон «Кут билим» бүгүнкү күнү дагы адам баласы үчүн кызмат кылган, аны туура багытка салган, бакыт тартуулаган билим. Эң негизгиси мындай китептерге ниет менен көз салууну унутпашыбыз керек.

Тарбиялык пландагы байыркы түрк жазуусунун дагы бир эстелиги – М.Кашгаринин «Диван лугат ат-түркү» (Түркий тилдер сөз жыйнагы) чоң кызыгууну туудурат. Сөздүктүн фольклордук материалында этика-педагогикалык, моралдык-психологиялык баалуу идеялар арбын кездешүү менен бирге андагы көптөгөн макал-лакаптар «Манас» эпосу менен үндөшөт. Элдин накыл сөздөрүнө айланган элдик педагогикада кеңири колдонулат. Бул эмгекти да жаштарыбыз билүүсү абзел.

Кыргызстандагы элге билим берүүнүн тарыхында жана кыргыз элинин педагогикалык мурастарын калыптандырууда көрүнүктүү роль илимпоз, агартуучу-педагогдор Э.Арабаев менен К.Тыныстановго таандык. Э.Арабаев араб графикасынын негизинде «Кыргыз алфавитинин» түзүүчүсү, кыргызча «Алиппенин» автору болуп гана тим болбостон, жаштардын билимге умтулуусуна өзү үлгү болуп, айылдан айылга барып, бүт республиканы түрө кыдырып, жаштарды окууга, билим алууга чакырган. Ал өлкөнүн келечеги - калкынын сабаттуулугу жана билимдүүлүгүндө экенине терең ишенген.

Өз элинин чыныгы патриоту катары «Манас» эпосун изилдөөгө жана жазып алууга көп күч жумшап, кыргыз тилиндеги эң биринчи китеп Молдо Кылычтын «Кыссаи зилзаласын» Калыгулдун «Насыят, санат ырларын» [9,27] чыгарган.

Замандаш агайыбыз С.Байгазиевдин Э.Арабаевдердин баштаган ишин улай, жогорудагы аты аталгандар менен бирге Арстанбек, Нурмолдо, Токтогул, Тоголок Молдо, Жеңижоктун чыгармаларын терең талдоого алып, «Терең маңыз, бай мааниге толтура. Мына көргүн: көчмөн философия!» [10,29]-деп баалап, баалуу булактарды көргөзүүсү бизди кубандырбай койбойт…

Ал эми илимпоз - жазуучу, биринчи кыргыз профессору К.Тыныстановдун педагогикалык ишмердүүлүгү кыргыз педагогикасына баа жеткис салым кошкон. Ага ар дайым «улутчул» деген ушак-жалаа кырдаалында иштөөгө туура келсе да, ал өзүнүн бүткүл күчүн, билимин элди агартууга жумшаган. Билим берүү тармагында К.Тыныстановдун жазган китептери кыргыз мектептеринин тарыхында биринчи китептер болуп, айылдык балдар үчүн алар билимге жол ачкан. Ал элдик фольклорду жогору баалап, «Манас» эпосун кыргыз, орус мектептеринде чыгарууга түздөн-түз катышып «Академия кечелеринде» кыргыз элинин маданий мурастарын жайылтып, ыр түрүндөгү

чыгармаларында эмгекчилдик, абийир жана ар-намыс, адеп-ахлак жөнүндөгү элдик көз караштарды ачып берген.

«Баш кесмек бар, тил кесмек жок» деп, билим берүүдөгү кемчиликтерди ашкерелеп, чындыкты бетке айткандыгы үчүн алар
репрессияланып атылып кеткен эле. Учурда мындай патриот-атуулдарыбыздын ак эмгегин билип, үлгү алышыбыз керек!

Көчмөн эл болгондуктан, ата-бабабыздын таалим-тарбия берүү маданияты улуу октябрь революциясына чейин оозеки өнүгүп, бир мезгилде тарыхты (эпосторубуз, санжыра, дастан, уламыш, кошок) айтып, эс-акылы менен турган, табигый жөндөмү чечендикти өстүргөн (макал-лакап, жаңылмач, жомок, акыйнек, элдик ыр ж.б.) чыгармалар менен тилин ийкемге келтирип, балдар акыл азыгын «аңдай-аңдай келсең акыл өсөт, талдай-талдай келсең табышмак чечилет» деп табышмак, табышмактуу жомок, оюндар менен өстүрүп келишкен. Бекеринен ата-бабабыздын мурастарын Ч.Айтматов атабыз сыймыктана баалабаган чыгар… Жөн жерден биздин көчмөн элдин турак жайы - боз үй, оозеки чыгармасы болгон «Манас» эпосу  дүйнөлүк баалуулуктарга кирбеген чыгар!

Ал эми «Манастын инсанындагы өрнөктүү касиеттер кайсылар? Эл анын инсанын кылымдык тажрыйбалардын негизинде калыптанган эң жогорку адеп-ахлактык чен-өлчөмдөр менен таразалайт» [8,52].

«Куралың болбосо, жашооң кунарсыз» демекчи, бүгүнкү күндөгү педагогикалык процесстин  баалуу шайманынын бири болгон демократияны калпыс эмес, туура пайдаланып, билим берүүнүн  тарыхын канчалык таамай билсек, ошончолук ак - карасы ачыкка калкып  чыгат. Ак-карасын ачык айтпасак,  жаш муундун акыл азыгы толук өсүп жетиле элек болгондуктан көргөнүн (ММК, курчаган чөйрөнү) туурап, кемчиликтерди жасап, биз ана-мына (ата-эне, мугалим бирдиктүү иштебесе) дегиче калыптанып катып кеч болуп кетип жатат.

Ата-бабабыз балдар жаңылып, туура эмес иш кылса, мыйзам ченемдүүлүктү түшүнө: «жолуң болгур», «өркүнүң өскүр», «бай болгур», «тукумуң өскүр» деп башынан сылап мээримин арнаса,  ал эми биздин коомдо жаш бала туура эмес иш кылса, ачуу сөздөрдү («өлүп кал», «жерге кир», «чочко», «эшек», «скатина» ж.б) айтып, баштан ылдый уруп да жиберген учурлар үй-бүлөдө, мектепте,
коомдук жайларда да кездешет. Мына биздин маданият. Маданият - жогорку окуу жайдын биринчи баскычы болуусу керек. Ааламда 12 ай болсо, адамда 12 мүчө бар. Ал эми ошол 12 мүчөдөгү эрк-тартип нагыз маданияттуулуктун белгиси. Башкасын айтпаганда учурда ЖОЖду бүткөндүн баары эле маданияттуубу? Маданияттуулуктун эң биринчи белгиси – жылуу сөздүүлүк.  Ата-бабабыз бекеринен сөзгө, көзгө маани берип, «Адамды бир кирип чыкканда эле билсе болот» деп, акылы менен дилинин көпүрөсү болгон тилинин кеп маданиятын, отуруп-турганынан   «көп жашаган эмес, көптү көргөн билет» деп туура жыйынтык чыгарып келишкен.

«Кээ бир элдер кыска мөөнөт жашоодо салт катары – алып-жулуу, уурдап ташуу, «пулуң болсо кулуңмун», «күч атасын тааныбайт», «дүйнөдө адамдын кызыкчылыгы баарынан жогору» сыяктуу адилетсиз тарбияга умтулушса, кыргыздар ошол арзыбаган убакытта дагы бардыгын тең карап, (жан-жаныбар менен болгон бүтүндүгүнүн философиясы ) татыктуу жашоонун баалуулуктарын (шедеврлерин) жаратышкан»[7,215].

Кийинүү маданияты да өзүнчө ири философия. Меймандос бабалар бейтааныш конок келсе да кийген кийиминен анын жаш курагын билишип, ошого ылайык орун беришкен.

Кыздары назик кызгалдактай жагымдуу, өздөрү түшүргөн башындагы топусунун оюларынан кыздын башынын бош, же бош эмес кудалаган жери бар экени белгиленген. Ал эми аялзатынын белдемчисинин ден соолукка пайдалуулугучу (айрыкча жаңы төрөгөндөргө), энелердин чачпагы –денени түз алып жүрүүгө ылайыкталса, ал эми башындагы элечеги – жакыны каза болсо кепин, бала төрөлсө жалаяк-ороо ордуна кызмат

кылган. Аталардын башындагы ак калпак Ала-Тоонун мөңгүсүндөй тазалыкты, бийиктикти символикалап, ошол калпактын кыюлары кыргыздардын жаш өзгөчөлүгүн аныкташы бул элибиздин акылман экендигинен кабар берет.

Мына ушундай баалуулук элибизден жоголорун билип, «заманчыл» акындарыбыз таамай айтышкан болсо, ал эми жогорудагы патриот-агартуучу илимпоздорубуз билим берүү тармагында кылымдап калыптанган нагыз билим булактарын алып таштоого каршы чыгышып, жер жазданышкан.

Билим берүүнүн тарыхын үч негизги доорго бөлүп карай турган болсок, Ибн Синанын доорунда адамдар кудайга ишенишкен. Ал эми экинчи доор - кеңеш (советтик) доорунда динди четке кагып, советтик педагогиканын негиздөөчүсү Н.К.Крупская теоретик болгондуктан, акыл тарбиясына, билимге, илимдүүлүккө басым жасалып, 15 республиканы бир улуттай интернационализмде кармоо үчүн, ар бир улуттун тили, үрп-адат каада салты, дини бөлөт деп үч негизги булак таалим-тарбия процессинен четтетилген. Ошондуктан биздин коомдо робот өңдүү башы кыйын иштеген бирок руханий билими жок, демек көкүрөктө ыйман-адеп-ахлагы жок инсандар көп.

Ал эми үчүнчү доор – ал биз жашап турган учур жана келечек. А келечек – жаштар колунда. Ал үчүн жаштардын туура багытта таалим-тарбия алуусу зарыл. Баардык кесип ээси болсо мугалимдерден чыгат. Бүгүнкү учур талабы – күчтүү кесип ээлерин «адам» кылып чыгаруу. Ансыз биздин коомдогу билимдүү, ак халатчан врач бирөөнүн тозок отун көрүп тапкан ымыркайын бирөөгө саткан өңдүү мисалдар кездешип жаткандан кийин, укук коргоо органдарындагы тартип бузуучулардын акча менен бошогон учурларын айтпай эле коёлу.

Демек, келечек ээлери болгон жаш энелер баланы «курсактагы кезден кудайга кулдук урдуруп», ичтен баштап «уккан жок деп ушак сүйлөбөй, көргөн жок деп (адам көрбөсө да жан дүйнө ээси-алла көрөт) уурулук кылбай» адамдык таза негиз түзсө, үйлөнүүдө жети атага маани берилип - таза кандуу наристелер төрөлсө, алардын ата-энеден биринчи белеги - маанилүү ысымы болуп, асан үнү менен коюлса, табигый жөндөмү билим босогосу болгон мектептен, үй-бүлөдөн өсө, кесип ошол шык-жөндөмгө ылайык багыт берилип тандала, орто кесиптик же ЖОЖдон билим менен бутунан тура, андан
ары коомго сапаттуу ишмердүүлүгү менен салым кошо кетсе – бул адамды бакытка бөлөөчү билимдин туура багыты демекчибиз.

Совет мезгилинин улуу педагогу В.А.Сухомлинский айткандай: «…чыныгы мугалим болуу оңой эмес».

Мурунку президентибиз А.Акаевдин: «Биздин коомду оор абалдан агартуучулар алып чыга алат» деп ишеним көрсөткөнү туура, бирок жакшы мугалимдерди көрсөтмө түрүндө эле эмес, жалпы мамлекеттик деңгээлде баалоо, анын статусун көтөрүп, материалдык жактан абалын жакшыртуу да учур талабы. Ал эми агартуучулардын татыктуулары, демократиялык жол менен билим алуучулардын анкеталык жооптору аркылуу каймак сымал калкып чыкмакчы. (бул идеяны акыркы жылдарда №91 ж.б.мектептерде айтып жана практика учурунда тажрыйба жүргүзүп, колдонуп келебиз) Бул боюнча дүйнөлүк баалуулуктан да кабары бар, педагогика илимдеринин доктору, устатыбыз Асипова Нурбүбү эженин «Көпчүлүктүн ою окшош болсо –бул чындык» деген таасын оюна таянып, сурамжылоо анкетасынан көпчүлүктүн (окуучу же студенттердин) ою мугалимдин терс жагын аныктаса, тийиштүү жетекчилер тарабынан 1-жолу эскертүү, 2-жолу сөгүш, 3-жолкусунда да оңолбосо - жумуштан четтетилсе, ал эми тескерисинче, бир окуу жылында эки жолу алынган көпчүлүк сын-пикир жооптордон окутуучунун жакшы жагы гана сыпатталса, анда алкыш жана жогорудагы айтылган сыйлар көрсөтүлсө, эң туура болот деген ишеничтебиз. Себеби Ата Мекенибизде сыйга татыктуу таалим-тарбия берип жаткан агартуучулар менен бирге, башка бюджетте иштеген кесип ээлери да бар.

Дили эне тилинде калыптанган, өз мекенинин баалуулуктары менен кемчиликтерин билип чет өлкөдөгү «тапкан акча түгөнөт, билим түгөнбөйт» деп билим, тажрыйба топтоп Кыргызстанга салым кошолу деген эл аралык аренага чыккан мекендештерибиз да жок

эмес. (С.Дүйшалиева, Т.Өзүбеков, А.Саргалдаев, Ж.Жолдошев-юрист «Салам, Нью-Йорк!»фильминдеги эпизоддор анын жашоосунан алынган)

АКШдагы Рожерс университетинде (бир орунга 100-300 ч-н адам туура келген) 7 жылдык сынакты утуп, туруктуу жумушка жана профессорлук наамга ээ болгон Ж.Жээнбай жогоруда биз токтолгон анкеталык сурамжылоонун Америка университетинде башкы ролду ойноорун айтып, билим берүүдөгү өзгөчөлүктөр тууралуу мындай дейт: «Билим берүүдө реформа мектептен эмес, эң оболу ЖОЖдон башталышы керек. Мурда мектептин билимин ЖОЖ системасы текшерчү.

Азыр алар бул функцияны аткарбай калышты. Кыргызстандагы университеттердин максаты жок. Ошол максатты ченөөнүн методикасын иштеп чыгуу керек. Учурда окуучулардын билимин сурабай калдык. Эгер билимди сурабаса, анын баалуулугу жоголот»[4]. Албетте, мындай пикирлерден да туура жыйынтык чыгаруубуз зарыл.

Акылман кыргыз элинин «жакшы болуш аста-аста, жаман болуш бир паста», «жакшы менен бир жүрсөң жетесиң муратка, жаман менен бир жүрсөң каласың уятка» деген макалдары айтып тургандай, ааламда «оң», «терс» кубаттуулуктар болгон сыңары, адамдар да «жакшы», «жаман» болуп бөлүнөт эмеспи. Жогоруда салыштырып байкоо жүргүзгөнүбүздөй ата-бабабыздын коомунда жакшылар көбүрөөк болсо, биздин коомдо тескерисинче болуп жатат. Ал эми жамандардын болуусу - бул мыйзам ченемдүүлүк. Себеби жаман адамды көрбөсөк, жакшы адамды баалай албайбыз!

Андыктан, учурдагы жана келечектеги эл агартуучулардын билим берүү философиясынын максаты-жакшыларды көбөйтүп, жамандарды азайтуу болушу керек. Ал үчүн адистик билимден тышкары, ата-бабалардын таалим-тарбия берүүдөгү жемиштүү ыкмалары, адеп-ахлакка тарбиялоо булактары ийкемдүү колдонулууга тийиш. Адамзатка берилген 3 негизги дин жана анын корутундусу аалам сырларын камтыган, жашоо формуласы болгон ислам дини боюнча билим башталгыч мектептен эле берилсе, жаш муун жашынан ыймандуу боло, өз эне тилинде алган билимден өз сандыгыбыздагы баалуулуктарды биле, бизде жок баалуулукту арабызда жашаган башка улуттан, дүйнөлүк баалуулуктан алса, жогоруда белгиленген максат ишке ашат деген ойдобуз.

***Адабияттар***


1. Ж.Баласагын. Куттуу билим Москва «НИК» 1993.
2. Н.Асипова. Билим берүүнүн философиясы жана тарыхы Бишкек-2010.
3. А.Алимбеков. Кыргыз этнопедагогикасы Бишкек-1996.
4. Шоокум – илим, турмуш жана маданият журналы. №7,июль 2014-ж.
5. Кононов А.Н.Поэма Ю.Баласагынского «Благодатное знание». –В книге: Баласагун Ю. Благодатное знание. М., 1983.
6. Шериев Ж. Байыркы жана орто кылымдардагы түрк адабияты. Б.,1996, Эралиев З. Жусуп Баласагын. – Б., 2000, Акматалиев А. Байыркы орток түрк адабиятынын очерки. –Б., 2001, Абдразаков А. Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны. -Б., 2009.
7. Жумабаев Б. Кыргыз дүйнө таанымы. –Б.: «Бийиктик», 2010.
8. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы.-Б.,1996.
9. Абдылдаев М. Мурас. –Ф.:Кыргызстан, 1990.
10. Байгазиев С. Цивилизация жана Ата журт тагдыры. Б., 2008.